# Пиротехникаларды колдонууда өрт коопсуздугун сактоо жана аларды туура тандоо.

Пиротехника- белгилүү бир белгини эффектти алуу үчүн күйүүчү курамдарды даярдоонун жана күйгүзүүнүн технологиясына байланышкан техниканын тармагы; Анын түрлөрүнүн бири – көңүл ачуу болуп саналат. Негизинен булар фейерверктин буюмдары – петардалар, бенгал шамдары, тарс этмелер, ракеталар, фонтандар, салюттар. Эгерде сиз шаан шөкөт пиротехникасын майрамдоо, кайсы бир салтанат үчүн колдонууну пландаштырып жатсаңыз, анда **маанилүү маалыматты эстен калыңыз:**

## Пиротехникалык буюмду тандоо:

- Колдо жасалган пиротехникалык буюмдарды пайдаланбаңыз!

Пиротехникалык буюмдарды сатып алып жатып, кунт койуңуз, шайкештик сертификатынын, мамлекеттик тилдеги нускаманын бардыгын, жарактуулук мөөнөтүн текшериңиз.

- Бардык пиротехникалык буюмдар менен иштөөгө киришип жатып, өтө кунт койуу менен алардын нускамалары менен таанышыңыз жана көрсөтүлгөн коопсуздук аймактарына өзгөчө көңүл буруңуз.

## Пиротехника менен иштөөдөгү коопсуздуктун негизги чаралары:

- Пиротехникалык буюмдарды пайдалануудан мурда фейерверкти сиз кайсыл жерде жүргүзөсүз, кандай пиротехникалык буюмдарды пайдаланасыз жана аны көрсөтүүнү кантип уюштурасыз.
- Фейерверк үчүн орунду тандаңыз. Эң мыкты жер болуп бул үчүн ачык кенен аянт-короо, сквер же курулуштары жана бак дарагы болбогон ачык жер эсептелинет.
- Тандалган жерди тыкандык менен карап чыгыныз, жакын жерде (100метр тегеректе) өрт коркунучу бар обьектилер, автомобилдердин токтоп туруучу жайы, жыгач сарайлар жана гараждар ж.б.у.с. болбошу керек.
- Эгерде сиздин короонуз чакан жана тар болсо анда сиз чектелген ассортимент менен, негизинен жерге жакын аракет кылган буюмдар менен пайдалансаңыз болот. Петардалар, тарс этмелер, оттуу айланпалар жана дөңгөлөктөр менен, бирок эч качан жогору учкан буюмдар-ракеталар, көпөлөктөр жана башкалар пайдаланылбашы керек.
- Жогорудагы көрсөтүлгөн петардаларды жана тарс этмелерди турак үйлөрдүн курулуштардын жанында пайдаланууга таптакыр тыйуу салынат. Алар терезеге же форточкага кирип кетиши мүмкүн, чердака же тамдын үстүнө учуп түшүп, өрттүн себепкери болушу мүмкүн.
- Петардаларды тарс этмелерди турак үйлөрдүн, малсарайлардын аймагынан алысыраак кетип, ыңгайлууураак жерди табууга аракет кылыңыз.

## Таптакыр тыйуу салынат:

- Салюттарды колдон учурууга (тарс этмелерден, бенгал отторунан, фонтандардын айрым түрлөрүнөн тышкары) жана алар иштеген 2 мүнөт ичинде жакындоого тыйуу салынат.
- Аларды пайдалануу учурунда анын үстүнө эңкейип кароого тыйуу салынат.
- Нускамада жана коопсуздук чараларында каралбаган башка баардык аракеттерди жасоого ошондой эле даяр буйумдарды чачууга жана кайра өзгөртүүгө тыйуу салынат.
- Пиротехниканы жабык жайларда, офистерде колдонууга тыйуу салынат.
- Жаш балдарга өз алдынча пиротехникалык буюмдарды аракетке келтирүүгө тыюуу салынат.
- Суу болгон пиротехникалык буюмдарды жылыткыч приборлордо жылуулук батареяларында жылыткычтарда кургатууга тыйуу салынат.
- Эгерде күйгүзүлгөн петардалар, тарс этмелер жана салюттар атылбаса аны ачууга, тышиоого, кароого тыйуу салынат.

Өзгөн райондук өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмү

# Турак жайды өрттөн сактайлы

Көпчүлүк өрт турак үйлөрдө болот. Адамдын отко шалаакы жана камырабастык менен мамиле кылуусу көп учурда өрттүн чыгышынын себептеринен болуп калат. Ыргытып ташталган тамеки калдыгы, түйүндөргө сайылган боюнча унутта калган электр шаймандары, кароосуз калтырылган балдар, бузулган меш анчалык деле өзгөчөлүгү жоктой сезилет, бирок мына ушундан орду толгус кырсыктар болуп өтөт - үйлөр, үй мүлктөрү күйүп, көбир учурда адамдар да каза болот.

**Кантип өрттүн алдын алууга болот**:
Бул үчүн өрт коопсуздугунун өтө жөнөкөй жана аткарууга мүмкүн болгон эрежелерин сактоо керек. Өрт кокустугунун эрежелерин сактаңыз.

**Өрттүн чыгуу себептери:**
•отко этиятсыз мамиле кылуу;
•балдардын от менен ойноосунан;
•турак үйлөргө жана имараттарга жакын жайгашкан таштандыларды күйгүзүү;
•чагылгандын оттору;
•тамеки тартуудагы этиятсыздык;
•электр зымдарынын кыска туташуусу;
•мештерди пайдаланууда өрт коопсуздугунун эрежелеринин сакталбагандыгынан;
•мештер-моорлордун туура эмес курулгандыгынан жана башка ушундай сыяктуу себептерден өрт кырсыгы келип чыгат.
Ошондуктан өрттүн алдын алуу ар бирибиздин колубузда. Бул үчүн өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактап, кайдыгерликтен алыс болуубуз талап кылынат.

**Ар дайым эсиңиздерде болуусу зарыл**:
•балдарды кароосуз калтырбаңыз;
•балдардан ширенкелерди катып салыңыз;
•күйүп турган ширенке жана тамекилердин күйгөн калдыктарын таштабаңыз;
•тиричилике керектүү электр шаймандарын, радио-теле аппаратураларын, газ плиталарын иштеген бойдон кароосуз калтырбаңыз;
•электр жылыткыч шаймандарын күйүп кетүүчү буюмдарга жакын орнотпоңуз;
•имараттарга (курулуштарга) жакын от жакпагыла жана өрт кооптуулугу күчөгөн маалда калдыктарды өрттөбөңүз;
•ачык күйгөн от менен бөлмөнү жылытпаңыз;
•электр жана газ шаймандарын түнкү же үйдөн кеткен учурда күйгөн боюнча калтырбаңыз;
•жашы жете элек балдардын газ жана электр шаймандарын колонууга жол бербеңиз.

**Өрт учурунда эмне кылуу керек:**
•Өрт жөнүндө үн чыгаруучу сигналдар менен кабарлоо;
•өрт болуп жаткандыгы тууралуу 101 телефонуна кабарлоо;
•адамдарды сактап биринчи жардамды көрсөтүү;
•колдо болгон каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү;
•материалдык баалуулуктарды жана жаныбарларды эвакуациялоо – булар өрт учурундагы зарыл болгон эң биринчи аракеттер.

**Өрттү өчүрүүнүн ыкмалары:**
•жалындап күйүп жаткан керасинка, керогаздарды жууркан-төшөк менен, бышык кездеме
•же кийим менен жаап салуу керек;
•жерге төгүлүп күйүп жаткан суюктуктарды кум же топурак менен;
•күйүп жаткан эмеректерди жана буюмдарды суу төгүү (чачыратуу) менен өчүрүүгө болот.

Өрт пайда болгон учурда токтоосуз түрдө өрткө каршы кызматын чакырып жана алдын ала өрттөнүп жаткан имараттан адамдарды эвакуациялап, колдо болгон каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү керек.
Бул нускоодо баяндалган өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо, сиздин турак жайыңызды жана мүлкүңүздү өрттөнүп жок болуп кетүүдөн сактайт. Өрт учурунда адамдардын курман болуусун четтетет.

***Өзгөн райондук мамлекеттик өрткө каршы кызмат бөлүмү***

**Жаңы жылдык майрамдарда өрт коопсуздук эрежелерин сактоо**

-Балаты (ёлка) орнотулуучу бөлмөнү экиден кем эмес сыртка алып чыгуучу эшиги болуусу шарт.

-Балаты негизги жана запастык сыртка алып чыгуучу эшиктерди тосуп калбоосу керек.

-Жаңы жыл майрамы өтүүчү бөлмөнүн ички жана сырткы электр жабдуулары атайын адис тарабынан кылдаттык менен кароодон өткөрүлүп, зарылчылык туулса тезинен ремонт, оңдоо иштерин жүргүзүү зарыл.

-Убактылуу пайдалануучу электр зымдары колдонулбасын.

-Балаты орнотулган бөлмөнүн электролампалары жабык түрдөгү плафон менен жабылышы талапка ылайык.

-Балатыны кооздоп жасалгалоодо электр жарыткычтарын орнотууга тыйуу салынат, орнотулган учурда 12вт чейинки лампочкаларды колдонуу керек.

-Балаты майрамы өтүүчү бөлмөлөрдө электр жылыткычтары жана газ приборлорун колдонууга тыюу салынат.

-Балатыны пахта, кагаз ж.б.у.с. тез күйүп кетүүчү касиетке ээ заттар менен жасалгалоого жана пиротехникалык заттарды колдонууга тыюу салынат.

-Жаңы жыл майрамы өтчүү бөлмөлөрдө өрт коопсуздугу боюнча инструкциялар жазылып, көрүнүктүү жерге илинип коюлуусу максатка ылайык.

-Мекеме, уюмдарда, мектептерде жана бала бакчаларда, дегеле жаңы жыл майрамы өтчүү бардык мекмелерде, жаңы жыл майрамына даярдык көрүү жана аны өткөрүү мезгилинде өрт коопсуздуктарына жол бербөө максатында мекеме, уюмдардын жетекчилеринин буйругунун негизинде өрт коопсуздугуна жоопкерчиликтүү адамдар дайындалышы керек.

-Мындан сырткары жаңы жылдык майрамы өтүүчү бөлмөлөр баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандар (огнетушитель, суунун запасы) менен камсыз кылынышы зарыл.

-Өрт кокустугу учурунда 101 телефонуна чалыңыздар.

***Өзгөн райондук өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмү***

# Сиздин мектепте өрт чыкса эмне кылышыңыз керек?

Мектепте адам көп болгондуктан, аларды эвакуация кылуу, адамдарды батирден эвакуация кылууга караганда көп убакытты алат. Ошондуктан мектепте өрт чыкса, кабыл алынган чараларды ырааты менен колдонуу керек.

Биринчиден өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабу керек. Эгер сиз өрттү терезенин сыртынан сөрсөңүз, анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбаңыз. Ачык эшик түтүндү эле чыгарбастан, ошондой эле эвакуация кылууга да тоскоолдук кылат, күтүлбөгөн жерден башын кириши өрттүн чоң ылдамдыкта өрчүшүнө алып келет. Тезинен айгай көтөрүп, катуу кыйкырып, өрт жөнүндө билдирүү керек. Өрт жөнүндө жакын турган персоналдардын мүчөсүнө билдириңиз, ал болсо адамдарды тез аранын ичинде мектептин имаратынан эвакуация кылуу чараларын көрөт. Ар бир адам милдеттүү түрдө мурдатан макулдашылган чогулуу пунктуна келиши керек, ал жерде бардыгы мектептен эвакуацияланганын билүү үчүн атынан айтып текшерүү жүргүзүлүүсү зарыл. Өрт чыгары менен тез арада «101» телефонуна чалып, өрткө каршы кызматын чакыруу керек.

**Өрткө каршы кызматы келген маалга биринчи** кезекте төмөнкүлөрдү билүү зарыл:

- Өрт кайсы бөлмөдө болуп жатат.
- Имараттан баардыгы эвакуацияланганбы.

**Өрт учурунда мектептен эвакуациялоонун тартиби:**

- Айгай.
- Өрткө каршы кызматын чакыруу.
- Эвакуациялоо.
- Чогулуу.
- Атынан атап текшерүү.

**Айгай**

- Ар бир адам (окуучубу же персоналдык мүчөсүбү) өрт чыкканын байкагандан кийин, олку солку болбостон өрт жөнүндө айгай көтөрүүсү зарыл.

**Өрткө каршы кызматын чакыруу**

- Ар канда йөрттүн чыгышы тууралуу, жада калса кичине өрт болсо да же өрт жөнүндө шек туулса өрткө каршы кызматына ыкчам ыкма менен кабарлоо керек.

**Эвакуациялоо**

- Окуучулар айгайды уккандан кийин өздөрүнүн парталарынан туруп, класка жооптуу мугалимдин көрсөтүүсү менен бирбирден класты таштап, чогулуу пунктуна чогулуу керек. Окучулар ирети менен, бирдей кадамдап басуулары керек. Класстык бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка бардык эшиктерди жабу зарыл.

**Чогулуу**

- Чогулуу жайы мурдатан макулдашылышы керек.
- Чогулуу жайына келип, ар бир класс же адамдардын тобу бөлүнүп аныкталган жайларды ээлеп, тарап кетпей, ошол жерде болуп турушу керек.

**Атын айтып чакыруу**

- Окуучулар чогулуу жайына келээри менен тезинен атынын атап чакырууну жүргүзүү керек.

**№1-эреже**

- Жолдогу баардык эшиктерди жапкыла, муну менен сиз өрттн жолун торойсуз. (жабык эшик өрттү 15 мүнөткө кармайт)

**№2-эреже**

- Өрттөн качып баратып, өрт жөнүндө бардыгына эскертиңиз (эч нерсе издебеңиз, өрттөн тезирээк кетиңиз)

**№3-эреже**

- Мугалимге өрт жөнүндө кабарлаңыз.

**№4-эреже**

- Эвакуацияланыз.

**№5-эреже**

- Мектептен же жакын арадагы таксафондон же телефондон 101 номерин терип, өрткө каршы кызматына мектептин дареги жана өзүңүз жөнүндө (аты жөнү, кайсы класчтын окуучусусуз) так маалыматты айтыңыз.

**№6-эреже**

- Кайра артка кирбеңиз – сиз жолдо күйүп калышыңыз, же истүү газга ууланып калышыңыз мүмкүн.

Өзгөн райондук өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмү

Ийри-Суу айыл округуна караштуу Жаңгакты айылынын
№15 К.Тиленбаев атындагы орто мектебинин

# Буйругу

«16» 10 2022-ж. № 5 Жаңгакты айылы

№15 К.Тиленбаев орто мектебинин мугалимдер жана чарба кызматкерлери арасында ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр кошунун (добровольные пожарные дружины) түзүү боюнча

КРнын өкмөтүнүн 1994-жылдын 19-декабрындагы №858 «мекеме уюмдарда, ишканаларда жана окуу жайларында ыктыярдуу өрт түзүмдөрүн түзүү» жөнүндөгү токтомунун 2-бөлүгүнүн негизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН

**1**. №15 К.Тиленбаев орто мектебинин мугалимдер жана чарба кызматкерлери арасында ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр кошуну уюштурулсун

**2**. Төмөндөгү аты аталган мугалимдер жана чарба кызматкерлери ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр кошунуна кабыл алынсын

1. Шайымкулов Д. завхоз. ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун командири
2. Молдомаматов Б. kароол ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү
3. Бекташев А. электрик ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү
4. Токтобаев Ү. качегар ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү
5. Курбанбаев А. качегар ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү
6. Жолуев М. организатор ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү
7. Туленбаев Б. мугалим ыктыярдуу өрт өчүрүү кошунунун мүчөсү

**3**. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү окуу бөлүмүнүн башчысы Р.Жалаловага жүктөлсүн

**4**. Буйруктун көчүрмөсү Өзгөн райондук өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмүнө жиберилсин

№15 К.Тиленбаев атындагы орто мектебинин

директору Г.Исакова

Ийри-Суу айыл округуна караштуу Жангакты айылынын
№15 К.Тиленбаев атындагы орто мектебинин

# Буйругу

«10» 10 2022-ж. № 14 Жангакты айылы

№15 К.Тиленбаев орто мектебинин жогорку класс окуучуларынын арасында жаш өрт өчүрүүчүлөр кошунун (дружины юных пожарных) түзүү

КРнын өкмөтүнүн 1994-жылдын 19-декабрындагы №858 «мекеме уюмдарда, ишканаларда жана окуу жайларында ыктярдуу өрт түзүмдөрүн түзүү» жөнүндөгү токтомунун 3-бөлүгүнүн негизинде

## БУЙРУК КЫЛАМЫН

**1**. №15 К.Тиленбаев орто мектебинин жогорку класстын окуучулары арасында жаш өрт өчүрүүчүлөр кошуну түзүлсүн

**2**. Төмөндөгү аты аталган окуучулар жаш өрт өчүрүүчүлөр кошунуна кабыл алынсын

1. Кубанычбек уулу А кошундун командири
2. Санжарбек уулу М кошундун мүчөсү
3. Каныбек уулу М кошундун мүчөсү
4. Мураталиев уулу Ч кошундун мүчөсү
5. Таалайбек уулу А кошундун мүчөсү
6. Тажибай уулу Ч. кошундун мүчөсү
7. Медетбек уулу Н кошундун мүчөсү
8. ______ кошундун мүчөсү
9. ______ кошундун мүчөсү
10. ______ кошундун мүчөсү

**3**. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү окуу бөлүмүнүн башчысы Р.Жалаловага жүктөлсүн

**4**. Буйруктун көчүрмөсү Өзгөн райондук өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмүнө жиберилсин

№15 К.Тиленбаев атындагы орто мектебинин

директору Г.Исакова